Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)” деп аталган диссертациялык ишине илимий жетекчиси, т.и.к., доцент Өмүрбеков Черикбай Казыгуловичтен

сын пикир

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында кыргыз этнография илиминин өнүгүүсүндө совет мезгилинде көмүскөдө калып, изилдөөнүн айлампасына түшпөй калган кыргыз элинин салттуу жана совет мезгилиндеги маданиятынын кээ бир маселелери көтөрүлүүдө. Мына ушундай фундаменталдык проблеманын бири совет мезгилинде айыл жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты.

Жалпы кыргыз элинин салттуу тамак-ашы азыркы мезгилге чейин кыргыз этнографиялык илиминде жетишээрлик деңгээлде изилденген эмес. Ал эми совет мезгилинде кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшү аймактык чөлкөмдөр боюнча кубантаарлык деңгээлде изилденилбей жатат.

Мына ушундай этнография илиминдеги мүчүлүштүктөрдү эске алып, диссертант Куттубекова В.М. Кыргызстандын түндүгүндө жайгашкан Чүй жана түндүк-батышында орун алган Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданиятынын өнүгүшүн этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде изилдеп чыкты.

Изилдөөнүн *кириш сөзүндө* изденүүчү теманын актуалдуулугу, анын илимий программалар жана илимий изилдөө мекемелери аткарып жаткан иштер менен байланышы, изилдөөнүн максаты, милдеттери, мезгилдик алкагы, географиялык аймагы, диссертациялык иштин илимий жаңычылдыгы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого сунушталуучу диссертациянын негизги жоболору жана изилдөөчүнүн өздүк салымы чагылдырылган. Мындан сырткары диссертациялык иштин апробациясы, изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү жана кол жазма диссертациянын структуралык түзүлүшү берилген.

Изилдөөнүн *биринчи бапы* (*главасы*) “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданиятын изилдөөнүн тарыхнаамасы” деп аталып үч параграфка бөлүнгөн.

*Биринчи параграфта* XX кылымдын 20-жылдарынын ортосунан 50-жылдарга чейин жалпы кыргыз элинин салттуу материалдык маданиятына, анын ичинде тамак-ашына тиешелүү кээ бир толук эмес аймактык маанидеги маалыматтар Ф.А.Фиельструптун, С.М.Абрамзондун, тарыхчылар М.Г.Сахаровдун, С.И.Ильясовдун, чарбалык адистер жана экономистер

Б.Б.Карптын жана И.Е.Сусловаңын, И.А.Фатьяновдун, П.Погорельский жана В.Батраковдун, Т.Рыскуловдун, И.Мишиндин, В.И.Буров-Петровдун, П.И.Кушнердин (Кнышевдин), М.Л.Белоцкийдин, А.Н.Зориндин жарыкка чыгарган илимий макалаларындагы тамак-аш маданиятына тиешелүү маалыматтар тарых наамалык талдоого алынган.

Ушул эле баптын *экинчи параграфында* этнографиялык багытта жазылган С.М.Абрамзондун, Е.И.Махованын, А.С.Бежковичтин, М.Т.Айтбаевдин, А.Джумагуловдун, К.И.Антипинанын, Б.Алымбаеванын, Ч.К.Өмүрбековдун, А.С.Көчкүновдун жана республиканын тарыхчылары П.К.Алпацкийдин, Б.Байбулатовдун, Т.Дуйшемалиевдин, И.Ибраимовдун, Д.М.Будянскийдин, В.П.Шерстобитовдун, Ж.С.Бактыгуловдун, Ө.Ж.Осмоновдун, философтор М.С.Джунусовдун, А.А.Алтмышбаевдин, Р.Ачылованын, А.Т.Балтабаеванын, Ө.Козубаевдин, А.И.Нарынбаевдин, кыргыз элинин социализм мезгилиндеги социалдык өнүгүүсүнө арналган С.С.Борсокбаеванын, К.Исаевдин, А.Исмаиловдун, К.К.Орозалиевдин жана экономикалык багытта жазылган А.Орузбаев, К.Жунушев, С.Мансурходжаевдин, Н.Х.Абдуазизованын, И.Джангазиевдин, Н.М.Маматов, Б.Джаманкуловдун, Г.Д.Джаманкулованын, А.Ф.Сидоровдун, Б.Ш.Чормоновдун, Х.Л.Лайпановдун, Б.Т.Мураталиевдин, Т.К.Койчуевдин, К.О.Оторбаевдин, К.А.Алиевдин, М.Б.Балбаковдун, К.С.Лайлиевдин, К.С.Сыдыковдун, П.К.Кутуевдин, К.Идиновдун, демографиялык жана статистикалык багытта жазылган Ш.Ж.Батырбаеванын, Ж.Жоробековдун илимий эмгектерине этнографиялык багытта талдоо жүргүзүлгөн.

Биринчи баптын *үчүнчү параграфы* “Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алган жылдардын ичинде (1991-2020) жарыкка чыккан тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрдө” деп аталып республиканын этнографтары Ч.К.Өмүрбековдун, А.С.Көчкүновдун, С.Т.Кайыповдун илимий эмгектеринде чагылдырылган тамак-аш боюнча этнографиялык терминдерге, түшүнүктөргө, категорияларга талдоолор жүргүзгөн. Аталган чыгармалардан сырткары Т.А.Айтбаевдин, М.А.Эстебесовдун, З.Мавланкулованын, К.А.Алымбекова, М.Б.Айтматов, Э.Б.Байтөлөевдин, З.Пахырованын жана В.Тагаеванын илимий макалалары жана Т.Бөрүбаевдин, К.Акматованын, Ж.Тилекееванын, Н.А.Кыдыралиева жана А.У.Дейдиевдин жана С.Ш.Ибрагимованын чыгармалары тарых наамалык анализге алынган.

Чынында, жогоруда этнографиялык талдоого алынган илимий чыгармаларда чүйлүк жана таластык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданиятына тиешелүү чачыранды маалыматтар кездешсе да, ал эмгектерде совет мезгилиндеги айылдык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына тиешелүү “тамак-аш системасы”, “тамак ичүү адеби”, “тамак даярдоо системасы”, “тамак ичүүнүн түрлөрү” жана башка жаңы түшүнүктөрү, терминдери, категориялары атайын изилденилген эмес же алар изилдөөнүн рамкасынын сыртында кала берген.

Изилдөөнүн *экинчи бапы* “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш

маданиятын изилдөөнүн объектиси, предмети, булактары жана ыкмалары (*методдору*)» деп аталып, ал үч параграфка бөлүнгөн: “Изилдөөнүн объектиси жана предмети”, “Изилдөөнүн булактары” жана “Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары”.

Аталган бапта Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн эл жашаган пункттарында чогултулган талаа этнографиялык маалыматтары илимий айланпага алынган. Чогултулган маалыматтарды илимий айланпага түшүрүүнүн алдында, *этнографиялык объект* катары баяндамалар чогултулган кыштактарды деңиз деңгээлинен канчалык бийиктикте жайгашкандыгына карап, аларды кыргыз этнографиясында биринчилерден болуп тоолуу аймактарда жайгашкан кыштактар (деңиз деңгээлинен 2200 метр бийиктикте), бөксө тоолуу аймактарда жайгашкан кыштактар (деңиз деңгээлинен 1100-2200 метр бийиктикте) жана түздүктүү аймактарда жайгашкан кыштактар (деңиз деңгээлинен 700-1100 метр бийиктикте) деген топторго бөлгөндүгү мактоого татырлык иш. Ал эми *этносоциологиялык объект* катары Чүй облусунун Кемин районунун Кароол-Дөбө (1924-жылы уюшулган, тоолуу аймак), Бейшеке (1885-жылы уюшулган, бөксө тоолуу аймак), Жаңы-Алыш (1922-жылы уюшулган, түздүктүү аймак), Талас өрөөнүнүн Кара-Буура районунун Көк-Сай (1932-жылы уюшулган, тоолуу аймак), Бакайыр (1917-жылы уюшулган, бөксө тоолуу аймак), Суулу-Маймак (1931-жылы уюшулган, түздүктүү аймак) кыштактары алынган.

Изилдөөнүн дагы бир жетишкендиги *этнографиялык булак* катары классикалык ыкмада чогултулган талаа этнографиялык баяндамаларынан сырткары, этносоциологиялык сурамжылоонун маалыматтарын туура илимий багытта колдонгондугунда. Башкача айтканда сунушталган изилдөөдө талаада чогултулган классикалык этнографиялык жана тоолуу, бөксө тоолуу, түздүктүү кыштактарда (*алты кыштак*) топтолгон этносоциологиялык маалыматтар негизги комплекстүү булак катары колдонулган.

Совет мезгилинин 74 жыл ичинде аталган аймактарда жүргүзүлгөн чарбалык (*экономикалык*), маданий, социалдык өзгөрүүлөрдүн жана кыргыз элине тиешелүү бириктирүү багытында жүргүзүлгөн жүрүмдөрдүн (*этникалык консолидациялык процесстердин*), Кыргызстанда жашаган улуттардын, элдердин жакындашууларынын (*этнос аралык интеграциялардын*) таасири астында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшү, өзгөрүшү этнографиялык жана этносоциологиялык көз караштa изилдөөнүн *үчүнчү бапында* анализге алынган. Себеби, аталган өрөөндөрдө өлкөнүн шаар тибиндеги эл жашоочу пункттары, өнөр жай комплекстери көбүрөөк жайгашып, улуттук курамы көп түрдүү болгондуктан кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө ыңгайлуу жана өзгөчөлөнгөн шарттарды түзүп берген.

Сунушталган бапта кыргыз этнографиясында биринчи жолу “тамактануу үлгүсү (*модели*)” деген этнографиялык терминге төмөндөгүдөй аныктама берилип – “биздин илимий сунушубузда «тамактануу үлгүсү» деген сөздүн уңгусун тамак жасоого керектелүүчү муздак, ысык, суусундук,

майдаланган данек багытындагы табыгый түрүндө жасалган чийки, бышпаган, куурулбаган, кайнатылбаган азыктардын курамдык үлгүсү" киргендиги менен мүнөздөлүнүп, анын Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн изилденген кыштактарындагы жалпылыктары, аймактык айырмачылыктары даректүү баяндамалардын негизинде тастыкталат. Совет мезгилинде изилденген кыштактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында эт, сүт, дан, жашылча, жемиш багытында жасалган тамактардын курамдык бөлүктөрү, жасалуу ыкмалары, тамактардын кубаттуулугу жана алардын окшоштуктары, айырмачылыктары конкреттүү этнографиялык материалдары аркылуу илимий айланпага алынат.

Изилдөөнүн төртүнчү бапы "Кыргыз үй-бүлөсүнүн тамактануу аземинин (*трапезасынын*) түрлөрү" деп аталып, ал эки параграфка бөлүнгөн – "Үй-бүлөлүк деңгээлдеги тамактануу аземи жана анын Чүй жана Талас аймактарындагы салыштырма түрлөрү" жана "Коомдук жөрөлгөлөр маалындагы тамактануу аземинин түрлөрү".

*Биринчи параграфта* түздөн-түз сунушталган бөлүмгө керектүү этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтарды изилдөөнүн алдында тамак ичүүнүн түрлөрүнө, тамактанууну белгиленген, туура тартип боюнча жүргүзүү эрежесине, белгилүү убакытта берилүүчү азыктардын өлчөмүнө, тамак ичүүнүн калыптанган тартибине - «тамак», "аш", "азык", "азык-түлүк", "тамак ичүү" (*трапеза*), "тамак-аш ичүүнүн түрлөрү", "даяр болгон тамак-ашты кабыл алуунун түрлөрү" ж.б. этнографиялык терминдерге мүнөздөмөлөр берилген. Ал эми күнүмдүк тамак ичүү – эртең мененки тамак ичүү, түшкү тамак ичүү, кечки тамак ичүү; өкүм сүргөн абалга карап тамак ичүү - үйдөгү тамак ичүү, талаадагы тамак ичүү, коомдук же эл чогулган жердеги тамак ичүү; мааниси же кадыр-баркы (*престижности*) менен тамак ичүү – майрамдык тамак ичүү, үрп-адат салты боюнча (*ритуалдык*) тамак ичүү түшүнүктөрүнө Чүй жана Талас аймактарынын бийик, бөксө жана түздүктүү кыштактарында чогултулган этнографиялык маалыматтардын негизинде салыштырма анализ жүргүзүлгөн.

Этнографиялык маалыматтарга кошумча этносоциологиялык сурамжылоонун жыйындылары сунушталган иштин беттеринде таблицалар жана аларга түшүндүрмөлөр аркылуу чагылдырылган. Жогоруда аталган тамак-аш ичүүнүн түрлөрүндө кандай тамактар басымдуулук кылгандыгы эки өрөөндүн изилденген кыштактарынан топтолгон баяндамалардын негизинде салыштырма талдоо изилдөөнүн беттеринде илимий айланпага алынып, тамак-аштын окшоштуктары жана айырмачылыктары такталган.

Параграфтын аяк жагында талаада чогултулган этнографиялык баяндамалардын негизинде совет мезгилинде ысык тамактын, муздак тамактын, мүнөз тамактын, жылымык тамактын, жеңил тамактын, чүйгүн тамактын жана гүл азыктын курамына кандай азык-түлүктөр жана тамактар кирери тууралуу жалпылаштырылган маалыматтар чагылдырылган.

*Баптын экинчи параграфында* Чүй жана Талас аймактарынын айыл жерлериндеги кыргыз үй-бүлөлөрүнүн коомдук тамак ичүүсү жана анын структурасы тууралуу даректүү этнографиялык маалыматтар илимий

анализге алынды. Чогултулган маалымат булактарына таянып, ар бир өрөөндүн тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү кыштактарында совет мезгилиндеги коомдук тамак ичүү жараянынын жалпылыктарын, аймактык айырмачылыктарын, түзүлүшүнүн структуралык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракеттер жасалган.

Изилдөөдө "коомдук тамак ичүү" (*трапезасына*) терминине этнографиялык жана маданий таануучулук багытта мүнөздөмө берилип, анын түрлөрү аныкталган: салтанаттуу окуяларга (*жентек той*, *бешик той*, *тушоо кесүү*, *сүннөт той*, *үйлөнүү той*, *үй той*, *дипломду куттуктоо той*) байланышкан тамак ичүү, ритуалдык үрп-адаттарды (адам каза болгондо өткөрүлүүчү *үчүлүк*, *жетилик*, *кырк ашы*, *аш*) өткөрүүдөгү тамак ичүү, адамдын турмушундагы белгилүү маарекелерди (*юбилейлерди*) (*25 жаштык той*, *50 жаштык той*, *60 жаштык той*, *25 жылдык үйлөнүү тою*, *50 жылдык үйлөнүү тою*), жашоо-турмушка байланышкан түлөөлөрдү (*армияга узатуу жана армиядан кайтып келүү түлөөсү*, *катуу оорудан сакайып чыгуу түлөөсү*, *кырсыктан аман калган учурларда өткөрүлүүчү түлөө*, *жаз чыкканда түшүмдүн молдугун тилеп өткөрүлүүчү түлөө*, *жаратылыш кырсыктарынан аман-эсен чыккандыгына байланыштуу түлөө*) өткөрүүдөгү тамак ичүү.

Жогоруда аталган коомдук тамак ичүүнүн түрлөрү Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн бийик тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү кыштактарында бири-бирине окшош түзүлүштүк (*структуралык*) белгилер басымдуулук кылган. Бирок, эки өрөөндүн изилденген кыштактарында тамак азыктарын, даяр тамактарды берүүдө айырмачылыктар байкалган. Мындай айырмачылыктар салыштыруу ыкмасы (*методу*) аркылуу совет мезгилинин 30-40-жылдарында бийик тоолуу Кароол-Дөбө (Чүй өрөөнү) жана Көк-Сай (Талас өрөөнү) кыштактарында "*тойчукту*" (үйлөнүү тойду), 50-60-жылдарында бөксө тоолуу Бейшеке (Чүй өрөөнү) жана Бакайыр (Талас өрөөнү) кыштактарында каза болгон адамдын *жылдык ашын*, XX кылымдын 40-жылдарынын биринчи жарымында (Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде) түздүктүү Жаңы-Алыш (Чүй өрөөнү) жана Суулу-Маймак (Талас өрөөнү) кыштактарында Ата Мекенди коргоого тартылган (*мобилизацияланган*) кыргыз жигиттеринин тигил же бул фронтто каза болгондо "кара кагаз" аркылуу маалыматты алгандан кийин, аны жоктоп, туугандары, куда-сөөктөрү жана айылдаштары *аза күтүү ырымы* аркылуу коомдук (көп эл катышкан) иш чараны, 60-70-жылдарында бийик тоолуу Кароол-Дөбө (Чүй өрөөнү) жана Көк-Сай (Талас өрөөнү) кыштактарында "*аскерге узатуу*" жөрөлгөсүн (ырымын, салтын), 70-80-жылдарында бөксө тоолуу Бейшеке (Чүй өрөөнү) жана Бакайыр (Талас өрөөнү) кыштактарында *тушоо кесүү* тоюн, 70-90-жылдарында түздүктүү Жаңы-Алыш (Чүй өрөөнү) жана Суулу-Маймак (Талас өрөөнү) кыштактарында *сүннөт тойду* өткөрүүдө келген меймандарга кандай азык-түлүктөрүнөн кандай тамактын түрлөрү берилгендиги (окшоштуктары жана айырмачылыктары) даректүү этнографиялык маалыматтар аркылуу тастыкталган.

Изилдөө ишинин *корутундусунда* совет мезгилинде Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн бийик тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү аймактарынын кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын, тамак-аш системасынын, тамактарды даярдоо үлгүсүнүн, тамак-аш рационунун жана тамак ичүү эрежесинин өнүгүүсү үч мезгилге (1918-1940-жылдар, 1941-1960-жылдардын башы, 1960-жылдардын ортосу-1990-жылдар) бөлүнүп каралып, даректүү этнографиялык жана этносоциологиялык баяндамаларынын негизинде илимий талдоого алынган.

Тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө чарбалык (*экономикалык*), агрардык кайра жаңылануулардын, социалдык, маданий мамилелердин, психологиялык (*аң-сезимдик*), калк (*этнос*) аралык жүрүмдөрдүн (*процесстердин*) тийгизген таасирлери, кыргыз үй-бүлөсүнүн тамактануу үлгүсү (*модели*) жана тамактануу маданияты сунуш кылынган изилдөөнүн биринчи бөлүмүндө (*бапында*) тастыкталган. Изилдөөнүн экинчи бөлүгүндө үй-бүлөлүк тамак ичүү (*трапеза*) жана анын Чүй жана Талас аймактарындагы салыштырма түрлөрү, коомдук тамак ичүү жана анын структуралык түрлөрү даректүү баяндамалардын негизинде ачып берүүгө аракеттер жасалган.

Сунушталган илимий изилдөөдө коюлган максаттар иш жүзүндө аткарылган. Улуттук Аттестациялык Комиссиянын койгон талаптары толугу менен сакталган.

Илимий жетекчиси, т.и.к., доцент Өмүрбеков Ч.К.

Ч.К.Өмүрбековдун койгон колу туура деп аныктаймын: Директор ОЧ БГиЯК Жээналиева С. Макее